**Б.ОСМОНОВ атындагы ЖАЛАЛ-АБАД МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

# МАДАНИЙ ӨСҮМДҮКТӨРДҮ МҮШӨКТӨРДӨ ӨСТҮРҮҮ ТЕХНОЛОГИЯСЫ (КАРТОШКАНЫН МИСАЛЫНДА)


*Илимий жетекчи: Жээнбекова Бурулай Жолболдуевна*

*Даярдаган: Баиева Аруукe*

*Консультант: Ахмедов Надырбек, Каныкей Турсунбаева*

# А к т у а л д у у л у г у

- ***Акыркы убактарда органикалык жол менен өстүрүлгөн азыктарга кызыгуу арбын. Бул жааттагы чет өлкөлөрдүн оң тажрыйбасы каралып, агротехнологиялык жол менен маданий өсүмдүктөрдү мүшөктөрдө өстүрүп, өндүрүлгөн азыктарды дүйнөлүк аренада жайылтуу;***

- ***Мүшөктөрдө өстүрүлгөн маданий өсүмдүктөр жер тилкеси жок шаар тургундары үчүн зарылдыгы каралды;***

- ***Азыркы Кыргызстандын шарттарында мүшөктөрдө картошканы өстүрүү технологиясын өнүктүрүүгө колдооо көрсөтүүнүн негизги багыты элдик биологиялык ыкмаларды колдонуу менен экологиялык жактан таза, экономикалык жактан киреше келтире турган азыктардын өндүрүү болуп саналат.***

## *Илимий иштин максаты:*

*Жалал –Абад областынын Сузак районуна караштуу Кара-Дарыя айылындагы “Айтмамат Калбаев” фермердик чарбасындагы өстүрүлүп жаткан картошканы мүшөктөрдө өстүрүү технологиясын үйрөнүү*

Биз сөз кылып жаткан фермер Айтмамат Калбаев 2019 – жылдан бери картошканы мүшөктөрдө жана жерде өстүрүп келе жатат. Ушул жылы да улантылып өстүрүлүүдө. Ушул жыл аралыгында 15 мүшөк картошка өстүрүп, өстүрүү технологиясын жакшы билгендиктен 15 мүшөктөн 50 кг.дай картошка алгандыгын жана казып алгандан кийин үрөндүгүн алып калып, калганын жыл бою тамак –азык зат катары пайдаланып келе жаткандыгы белгилүү болду.



*Айтмамат Калбаев фермердик чарбасында*
*өстүрүлүп жаткан* мүшөктөгү картошка

# *Картошканы мүшөктөрдө өстүрүүнүн технологиясы*

Азыркы убакта калк өсүмдүктөрдү мүшөктөрдө өстүрүү технологиясын жакшы өздөштүрүп, маданий жана декоративдик өсүмдүктөрдү өстүрүп экологиялык жактан таза азык-зат жана киреше алып келери баарыбызга белгилүү. Айта кетсек айыл чарбада дыйкандардын картошканы мүшөктөрдө өстүрүү боюнча көп көңүл бурулууда.

Картошканы мүшөктөрдө өстүрүүнүн технологиясын үйрөнүүдө эмнеге көңүл буруу керек: картошканы тигүүдөн мурда аны алгач жылуулукка чыгарып, “уйкудан ойготуп” алуу керек. Күн жылый баштаганда картошканы сыртка алып чыксак, картошка “ойгонот” да өнө баштайт, өнгөн картошка мүшөктөгү топуракка тиккенде өсүүсүн тездетет.





# ***Картошканы өстүрүү үчүн мүшөктөрдү даярдоо***






Биз кадимки жашообузда колдонулуучу ун же шекер салынган мүшөктөр же аба өткөрүүчү баштыктар колдонулат

# Картошканы  мүшөктөрдү отургузуу ыкмасы





***Бир мүшөккө .уч же  төрт даана картошка тигилет.***

# Сугаруу технологиясы

Үрөнду  7-10 күндө сугарып туруу сунуш кылынат. Себеби, мүшөк аба өткөрүү жөндөмдүүлүгү жогору болгондуктан топурак сууну көп талап кылат, тез сиңирип жана топурак тез кургайт. Көп сугаруу, картошканын  үрөндөрүнүн чирип кетишине  алып келиши мүмкүн. Картошка отургузулган мүшөктөр “дренаждык” башкача айтканда “тешиктер” болуу керек. Тешиктер  жок болсо дренаждык тешиктерди жасоо керек. Бул ыкма мүшөктө  суу токтолуп калбаш үчүн колдонулат.





# *Жер семирткичтерди колдонуу*

*Жер жер семирткичтер 2 түрү колдонулат: химиялык жана биологиялык. Эгерде химикаты жок таза азык алам десе биологиялык ыкманы колдонуу жакшы натыйжа берет. Биологиялык ыкмада малдын кыгын колдонуу сунуш кылынат. Малдын кыгын сууга жибитип, суюк түрүндө мүшөктөгү картошкага пайдаланабыз. Малдын кыгынын курамында картошка өсүмдүгүнө эң керектүү азот, фосфор жана калий бар. Отоо чөптөрдөн күрөшүүдө мүшөктө өсүп келе жаткан отоо чөптөрдөн тазалап, туруу керек. Себеби, картошканын түшүмдүүлүгүн төмөндөтөт*



# Зыянкечтерден жана оорулардан сактоо ыкмалары

Баштыктарга салып өстүргөндө, картошка ар кандай зыянкечтерге жана илдеттерге ачык жерде өскөндөй сезимтал эмес. Бирок айрым эрежелерди сактоо сунуш кылынат:

- *картошканы мүшөктөргө отургузуудан мурун калемпир, помидор, тамеки же картошка зынян кечтери менен ооруган өсүмдүктөрдүн топурактарын албоо керек;*
- *ашыкча сугаруу сунуш кылынбайт себеби, тамырдын чиришин шарттаган бир катар козу карындык ооруларга алып келиши мүмкүн;*

# Картошканы жыйноо ыкмасы

Жакшы түшүм алуу үчүн, картошканын жалбырактары соолуп калгандан кийин, эки жума өткөн мезгилде мүшөктөрдөн бошотуп алуу керек. Картошканы биологиялык ыкмаларды колдонуп караса, бир мүшөктөн башкача айтканда бир түп картошкадан 1-1,5 же 1,5-2 кг чейин түшүм берет.



# жыйынтыктоо

- *Азыркы убакта Кыргызстанда мүшөктөрдү иштетүү эми гана жолго коюлууда,*
- *Кыргыз калкы бакубат жашоо учун маданий осумдукторун өстүрүү экономиканын онугусуно да чон салым кошот деп ойлойм.*
- *Ошондуктан экологиялык жактан таза, сапатуу, табигый азыктарды ондуруу керек.*

**Сиздердин баалуу ой пикир, сунуштарыңыздар жана суроолоруңуздар….**

***Көңүл бураганыңыздар үчүн чоң рахмат!***